КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги V сессиясынын**
**№ 22 ТОКТОМУ**

30 - декабрь 2024-жыл — Казарман айылы

**Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар Планы) эсепке алуу менен 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин такталган долбоорун бекитүү**

Каргалык айылдык кеңешинин алдындагы «Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасы А.К.Атыкановдун маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1- пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын)**
**кезектеги V сессиясы**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Каргалык айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы бюджетинин киреше бөлүгү жалпы 110918,5 миң сом суммасында, мунун ичинен бюджеттин киреше бөлүгүнө 106818,5 миң сом, ал эми атайын каражатка 4100,0 миң сом, жалпы чыгашалар боюнча 110918,5 миң сом суммасында №1- тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2025-2027-жылдарга Каргалык айыл өкмөтүнүн консолидацияланган бюджетинин болжолу №2- тиркемеге ылайык жактырылсын.
   2025-жылга 110918,5 миң сом суммасында,
   2026-жылга 120426,0 миң сом суммасында,
   2027-жылга 132414,8 миң сом суммасында.
3. Каргалык айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү №3-тиркемеге ылайык салык жана салык эмес төлөмдөрү, трансферттер жана башка кирешелер боюнча түшүүлөрдүн эсебинен түзүлсүн.
4. Каргалык айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын каржылоого каражаттары тармактар жана мекемелер боюнча ведомстволук жана экономикалык классификацияларга 106818,5 миң сом, атайын каражат 4100,0 миң сом суммасында такталган №4- тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Каргалык айыл өкмөтүнө караштуу башкаруу тармагынын 2025-жылга карата 11 (он бир) муниципалдык кызматкер штаттык бирдик түзүмү,техникалык жана кенже тейлечүү персонал 4(төрт) штаттык бирдик түзүмү,айылдык кеңештин жоопту катчы 1(бир) штаттык бирдик түзүмү, ыйгарым укуктуу экономист-статист 1(бир) штаттык бирдик түзүмү, (контракт)-6 штаттык бирдик түзүмү, маданият тармагынын клуб кызматкерлеринин 6 (алты) штаттык бирдик түзүмү,

китепкана кызматкерлеринин 7 (жети) штаттык бирдик түзүмү №5-тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. 2025 - жылдын бюджетинен айылдык кеңешке жана айыл өкмөткө келип түшкөн кайрылуулардын негизинде № 6-тиркемеге ылайык 26566,9 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилгендиги белгиленсин.
7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.05.2016-жылдагы №60 «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси» жөнүндөгү мыйзамдын 1-бөлүмүнүн 24-беренесине ылайык 1 пайыз өлчөмүндө 1068,0 миң сом айыл өкмөт башчысынын учурдагы бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылган күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн резервдик фондуна бекитилсин.
8. Кыргыз Республикасынын «Жарандык коргонуу жөнүндөгү» 24.05.2018-жылдагы №54 Мыйзамынын 18-беренесинин 2-пунктуна ылайык, 500,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты өзгөчө кырдаалдардын алдын - алуу боюнча иш-чараларды координациялоого жана жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу боюнча чыгымдарды каржылоо үчүн каралсын.
9. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси А.У.Жапаровдун 2024-жылдын 12-февралындагы №31-5 жана 2024-жылдын 27-февралындагы №20-02 протоколдорун аткаруу максатында, жергиликтүү кирешелерди эки эсеге көбөйтүүнү максатында инвестицияларды (демөөрчүлөрдү, ишкерлерди) жана гранттарларды тартуу, жергиликтүү мекеме- ишканалар менен иш алып баруу, айыл өкмөттүн карамагындагы жер кен байлыктарынан (кум,шагыл,туз ж.б) кошумча киреше түшүрүү жагы тиешелүү адистерге жана айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.
10. 2025-жылга кабыл алууда көрсөтүлгөн курулуш иштерине тиешелүү долбоорлорду (ички жолдорго ысык асфальт төшөө, Э.Касымалиев атындагы орто мектебинин спорт залы, Чет- Булак айылындагы эс алуу паркы ж.б) сметалык баалары жогору баа менен эсептелип калгандыгы аныкталгандыктан, 2025-жылдын 1- кварталына кайрадан даярдап бүткөрүлүшү милдеттендирилсин.
11. “Сармат” Жоопкерчилиги Чектелген Коому тарабынан райондун аймагында айыл кыштактарда жолго басылып жаткан ысык асфальттын баасы бир чакырымга 7100-7300,0 миң сом өлчөмүндө басылып жаткандыгын билдирген, ал эми Каргалык айыл өкмөтү тарабынан бир чакырым ысык асфальт жолдун сметалык баасы 8700,0 -10000,0 миң сомго чейин түзүлүп жаткандыгына байланыштуу, 2025- жылга карата түзүлгөн ысык асфальтка болгон долбооорлордун сметалык бааларын 01.02.2025- жылга чейин кайра карап чыгуу жагы З.Э.Акуновага тапшырылсын.
12. Бүгүнкү күндө курулуш иштери бүткөрүлгөн объектилер ар кандай белгисиз себептерден улам кабыл алынбай токтоп турат, кабыл алуу кечендеп жүргүзүлбөй токтоп турган иштерди 01.02.2025- жылга чейин (парк,спорт зал,хоккей аянтчасы, музыкалык залы ж.б.) кабыл алуу жагы айыл өкмөт башчысы З.Э.Акуновага тапшырылсын.
13. Коомчулуктан жана айыл өкмөттүн аппаратынан келип түшкөн кайрылуулар жана областтык, райондук фонддор аркылуу ар кандай долбоорлорду өткөрүүгө керектелүүчү өздүк салымдар өз убагында каржыланып туруусу ФЭБ башчысы Г.Э.Өзүкановага жана айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.
14. 2025- жылдын бюджетинин долбоорунда көрсөтүлгөн Ы.Кадыркулов көчөсүнүн аллеясы, Чет- Булак айылындагы парк, Кара - Суу айылындагы таза суусун, Казарман айылындагы борбордук парктын айланасын тосууга керектүү долбоорлор 2025- жылдын 1-кварталына даярдалып, 2025- жылдын 1- сентябрына

чейин куруп бүткөрүү жагы жана ошондой эле Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагына курулуучу жаңы имараттарды , жолдордун тротуарлардын жана башка долбоорлордун даярдалышы айыл өкмөтүнүн башчысы З.Э.Акуновага милдеттендирилстн.

15. Чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер (эмгек акы, соц. фондуна чегерүүлөр, дары-дармектер, тамактануу) жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча (көмүр, суу, телефон байланышы ж.б.) жүргүзүлсүн.
16. Муниципалдык менчикти камсыздандыруу жана тизмеден чыгарып салуу тартиби, муниципалдык менчиктеги объектилерди пайдалануу жана ижарага берүү жөнүндөгү жоболорду аткаруу жана муниципалдык ишканалар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга тарифтерди бекитүү тиешелүү адистерге тапшырылсын жана айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.
17. Каргалык айыл аймагындагы (Чарабай, Водхоз) жашоочулардын суу пайдалануучу кардарларына суу пайдаланып жаткандыгы үчүн, суу эсептегичти 2025- жылдын 1- июлуна чейин койдуртуу жагы З.Э.Акуновага милдеттендирилсин.
18. Каргалык айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджеттин бекитүүгө долбоорлорду түзүүдө (смета, проект,экспертиза) кайдыгер мамиле жасаган адистерге 2025-жылдын 1- февралына чейин чара көрүү жагы каралсын.
19. Бул токтомду аткаруу жагы ФЭБ башчысы Г.Э.Өзүкановага жана айыл өкмөт башчысы З.Э.Акуновага милдеттендирилсин.
20. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
21. Бул токтомду көзөмөлдөө «Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасы А.К.Атыкановго тапшырылсын.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы** **Т.И.Токтоболотов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ «КАРГАЛЫК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ» МЕКЕМЕСИ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ УЧРЕЖДЕНИЕ «АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КАРГАЛЫКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА»
ИНН 02703202410442